# PLITONIT ГидроЭласт




| 1,2 кг | 4 кг | 14 кг |
|---|---|---|

✓Кийинки катмарлар менен жабышууну жогорулатат
✓Жогорку жапкычтык касиет
✓Күчөтүлгөн жабышуу касиети: 1,5 МПа
✓Кургап жатканын көз менен көзөмөлдөө
✓Сактоо учурунда тоңдурууга жол берилет

PLITONIT Plitonit Deutsche Qualität

ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ

## Полимер негизиндеги, минералдык толтургучу бар чоюлчаак гидроизоляциялык мастика

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

### Колдонуу чөйрөсү

Колдонууга даяр чоюлчаак полимердик гидроизоляция. Имараттардын ичиндеги жана сыртындагы курулуш конструкцияларын жана курулмаларын (чайынма бөлмөлөрү, анын ичинде поддону жоктору дагы, жуунучу (ванна) жана даараткана бөлмөлөрү, кир жуучу жайлар жана башка нымдуу бөлмөлөр) кийинки каптоо иштерин жүргүзүүдөн мурун үзгүлтүксүз тигишсиз гидроизоляциялоо үчүн арналган.

| Негиздин түрлөрү | Пол / Дубалдар |
|---|---|
| Бетон, темир-бетон, уюктуу блоктор, кыш, гипс, цемент же полимер негизиндеги шыбак / шпатлевка, ПГП, цемент, гипс же ар кандай негиздеги куйма полдор | + |
| ГКЛ, ГВЛ, СМЛ, Аквапанель | + |
| ЦСП, OSB, фанера | + |
| Алсыз жана борпоң негиздер | — |
| **Кийинки катмарлардын түрлөрү** | **Пол / Дубалдар** |
| Плитка жана керамогранит үчүн желим | + |
| Цемент, гипс же ар тараптуу негиздеги куйма полдор | + |
| Эпоксид негизиндеги куйма полдор | — |
| Боёк / тушкагаздар | — |

### Негизди даярдоо

Бет чаңдан, кирден, майлардан, цемент сүтүнөн жана материалдын негизге жабышуусуна тоскоол болгон башка бөлүкчөлөрдөн тазаланышы керек. Полимердик гидроизоляцияны сыйпоодон мурун жаракаларды, чуңкурларды, көңдөйлөрдү жана башка учтуу текши эмес жерлерди шпаклевка, шыбак (штукатурка) же цемент негизиндеги ремонттук аралашма, мисалы, PLITONIT РемСостав менен толтуруп чыгуу зарыл.

### Иштерди аткаруу тартиби

| | |
|---|---|
| 1 | Колдонуудан мурун мастиканы жакшылап аралаштырыңыз. |
| 2 | Мастиканы даярдалган негизге шпатель, валик же кыл калемдин (кисть) жардамы менен сүйкөңүз. |
| 3 | Кийинки катмарды шыбоо үчүн мурунку катмардын кургашын күтүңүз (1-катмардын кургоо убактысы — 1 саат, кийинки катмарлардыкы — 2–4 саат). |
| 4 | Акыркы катмар сүйкөлгөндөн кийин, кийинки жасалгалоо иштерин 8–10 сааттан эрте эмес убакытта жүргүзүү керек. |

**МААНИЛҮҮ! Эгерде өндүрүм тоңдурулган болсо, аны +10 °Стан +25 °Ска чейинки бөлмө температурасында 24 саат бою кармагандан кийин гана колдонууга жол берилет. Эрте эрүү максатында өндүрүмдү ысытууга жол берилбейт.**

**Катмарлардын саны чектелген эмес жана гидроизоляциялык каптоонун талап кылынган калыңдыгына жараша болот.**

**Жумушту «пол-дубал» кошулган жерлеринде, ошондой эле түтүктөр жана суу агуучу тешиктер менен тийишкен тилкелерде жүргүзүүдө, мисалы, чайынманы (душ) же жуунуучу бөлмөнү (ванна) гидроизоляциялоодо, чоюлчаак гидроизоляциялык тасмаларды, мисалы, PLITONIT ГидроЛентасын колдонуу сунушталат.**

### Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| Бир катмардын сунушталган калыңдыгы | 0,5-1,0 мм |
| Катмардын калыңдыгы 0,5 мм болгондо мастиканын чыгымы | 0,7 кг/м² |
| Жаракаларды жабуу калыңдыгы, чейин | 0,8 мм |
| Негиз менен кошулуу бекемдиги (28 суткадан кийин) | 1,5 МПа кем эмес |
| Негиз менен жабышуу бекемдиги (28 сутка жылуу шартта сакталгандан кийин) | 1,5 МПа кем эмес |
| Мастиканын ысыкка туруктуулугу | +70°Cка чейин |
| Түз басым шартында суу өткөрбөстүк маркасы | W6 |

### Сыйпоо катмарларынын саны жана чыгымы

| Колдонуу чөйрөсү | Катмарлардын саны | Каптаманын жалпы калыңдыгы, мм | Сарпталуусу, кг/м² |
|---|---|---|---|
| Жуунучу бөлмөдөгү дубалдар / ашкана фартугу | 1 | 0,5 | 0,8 |
| Чайынма/жуунуучу бөлмөнүн полу | 2 | 1 | 1,7 |
| Гипс шыбагы боюнча ажыратуучу катмар (ар кандай бөлмөлөрдө) | 1 | 0,5 | 0,8 |

### Жумуш аткаруунун шарттары

Цементтик негиздердин калдык нымдуулугу 2 %дан, гипстик негиздердики – 0,5 %дан ашпоого тийиш. Иши жүргүзүп жатканда жана андан кийинки 2 сутка ичинде абанын жана негиздин температурасы +10 °Стан кем эмес жана +30 °Стан ашык эмес болушу керек. Мастиканын өзүнүн температурасы +10 °Стан төмөн эмес болууга тийиш.

### Көңүл буруңуз

Сүйкөлгөн гидроизоляциялык катмарга зыян келтирбөө керек. Механикалык бузулуу коркунучу бар учурларда мастиканы ачык иш бети катары колдонууга жол берилбейт. Бетти андан ары каптоо үчүн PLITONIT плитка желимдерин колдонуу сунушталат. Мастика спорттук бассейндерди, кудуктарды, жер төлөлөрдү жана жогорулатылган суу басымынын таасирине дуушар болгон башка объекттерди гидроизоляциялоо үчүн арналган эмес. Бул максаттар үчүн эки курам бөлүктүү PLITONIT ГидроЭласт 2К гидроизоляциясын колдонуу сунушталат.

### Сактык чаралары

Мастика ГОСТ 12.1.007ге ылайык кооптуулуктун 4-классына көп кооптуу эмес заттарга) кирет.

**Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек.**
**Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жуун салыш керек жана доктурга кайрылуу зарыл**
**БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!**

### Курамы

Акрил дисперсиясынын суу эмульсиясынын, минералдык толтургучтардын жана функционалдык кошулмалардын негизиндеги композиция.

### Ташуу жана сактоо

Мастиканы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык унаа каражаттарында ташуу керек. Жабык, кургак бөлмөлөрдө, таңгактын сакталышын камсыз кылган шарттарда +5 °Стан +30 °Ска чейинки температурада сактоо зарыл. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып 12 ай.

**Өндүрүүчүнүн кепилдиктери**

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда мастиканын ТУ 23.99.12-001-51552155-2019 талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

Таза салмактан уруксат берилген четтөөлөр ГОСТ Р 8.579-2001 стандартына ылайык аныкталат. Өндүрүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилген (Аэфф<370 Бк/кг, СанПиН 2.6.1.2523–09 (НРБ-99/2009) боюнча материалдардын I классы).

**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru